Каралды: "Бекитемин" ___________

Педагогикалык кеңештин Сакин .Бегматова атындагы

№ 1 Таш – Мойнок жбб орто

"16" 08 2023ж мектептин директору:

Мектептеги өрт коопсуздугу боюнча нускама

1.Жалпы талаптар

1.1."Өрт коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 17.06.1996-ж.№22мыйзамынын негизинде ушул нускама Бишкек шаарынын жалпы билим берүүчү уюмдарында өрт коопсуздугунун чараларын камсыз кылуу жана өрт коопсуздугунун баштапкы чараларын камсызкылуунун тартиби камсыз кылуу уюштуруу-укуктук маселелерин чөйрөсүн аныктайт.

1.2.Билим берүү уюмдарындагы имарат-жайлардын өрт коопсуздугу үчүн жоопкерчилик жетекчинин буйругу менен белгиленет.

1.3.Билим берүү уюмдарындагы имарат-жайдагы өрт коопсуздугунун талаптары бузулгандыгы үчүн:

-билим берүү уюмунун жетекчиси

-буйрук менен имараттагы же имарат-жайдагы өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жооптуу деп дайындалган адам жоопкерчилик тартат.

1.4.Билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин өрт коопсуздугу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ,ушул жааттагы ченемдик документтерди талапка ылайык аткарбашы же аткаруудан четтеши өрт коопсуздугун бузуу болуп эсептелет.

1.5.Билим берүү уюмдарынын жетекчилери ,ошондой эле белгиленген тартипте өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жооптуу деп дайындалган адамдар:

А.Өрт коопсуздугунун талаптарын,буйруктамаларды,токтомдорду жана өрт көзөмөлү боюнча мамлекеттик инспекторлордун жана башка ыйгарым укуктуу адамдардын мыйзамдуу башка талаптарын өз убагында аткарууну камсыз кылууда:

Б.Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууда өрттөн сактоочуларга зарыл жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

2.Өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча уюштуруу иш-чаралары

2.1.Билим берүү уюмдарынын бардык кызматкерлери өрткө каршы нускамадан өткөндөн кийин(кеминде жарым жылда бир жолу)гана ишке кое берилүүгө тийиш,ал эми ишинин спецификасы өзгөргөндө,жетекчи тарабынан белгиленген тартипте мүмкүн болуучу өрттөрдүн алдын алуу жана өчүрүү боюнча кошумча окутуудан өтүшөт.

2.2.Билим берүү уюмдарынын бардык имарат- жайларынын көрүнүктүү жерлерине өрт күзөтүн чакыруу телефонунун номери көрсөтүлон табличкалар илинип коюлууга тийиш.

2.3.Өрт учурунда адамдарды эвакуациялоонун планы (схемасы)иштелип чыгууга жана имараттын ар бир кабатында илинип турууга тийиш.

2.4.Билим берүү уюмунун кызматкерлери : өрт коопсуздугунун талаптарын, белгиленген тартипте бекитилген стандарттарды ,ченемдерди жана эрежелерди сактоого,ошондой эле өрткө каршы режимди сактоого жана колдоого милдеттүү.

2.Өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча уюштуруу иш-чаралары

2.1.Билим берүү уюмдарынын бардык кызматкерлери өрткө каршы нускамадан өткөндөн кийин(кеминде жарым жылда бир жолу)гана ишке кое берилүүгө тийиш,ал эми ишинин спецификасы өзгөргөндө,жетекчи тарабынан белгиленген тартипте мүмкүн болуучу өрттөрдүн алдын алуу жана өчүрүү боюнча кошумча окутуудан өтүшөт.

2.2.Билим берүү уюмдарынын бардык имарат- жайларынын көрүнүктүү жерлерине өрт күзөтүн чакыруу телефонунун номери көрсөтүлон табличкалар илинип коюлууга тийиш.

2.3.Өрт учурунда адамдарды эвакуациялоонун планы (схемасы)иштелип чыгууга жана имараттын ар бир кабатында илинип турууга тийиш.

2.4.Билим берүү уюмунун кызматкерлери : өрт коопсуздугунун талаптарын, белгиленген тартипте бекитилген стандарттарды ,ченемдерди жана эрежелерди сактоого,ошондой эле өрткө каршы режимди сактоого жана колдоого милдеттүү.

2.5.Билим берүү уюмунун жетекчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте өрт көзөмөлү боюнча мамлекеттик инспекторлорго өрт коопсуздугунун талаптарынын аткарылышын контролдоо максатында административдик имаратты изилдөө жана текшерүү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.

2.6.Ар бир билим берүү уюмунда алардын өрт коопсуздугуна ылайык келген өрткө каршы режим буйрук (нускама) менен белгиленүүгө тийиш,анын ичинде:

- Бир мезгилде имарат-жагдайларда болгон чийкизаттардын ,жарым фабрикаттардын жана даяр продукциялардын орду жана жол бериле турган саны аныкталат,
- Күйө турган калдыктарды жана чаңды тазалоонун ,майланышкан атайын кийимди сактоонун тартиби белгиленет,
- Өрт учурунда жана иш күнү аяктагандан кийин электр жабдууларын өчүрүүнүн тартиби аныкталат,

Төмөндөгүлөр:

- От жагуу жана башка өрт коркунучу бар жумуштарды убактылуужүргүзүүнүн тартиби;
- Иш аяктагандан кийин имарат-жайды карап чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби;
- Өрт аныкталганда кызматкерлердин аракеттери регламенттештирилген;
- Өрткө каршы нускамадан өтүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү аныкталган,ошондой эле аларды өткөрүү үчүн жооптуу адамдар дайындалган.

2.7.Билим берүү уюмдарында ар бир кварталда эвакуациялоо боюнча өрткө каршы практикалык сабактар өтүлүүгө тийиш.Балдарга өрт учурунда жана айкын жагдайларга

жакын кырдаалдардагы жүрүш-туруш эрежелери окутулат.Өрткө каршы жабдуулар менен иштөө өзгөчө көндүмдөрдү жана атайын окуутууну ,техникалык коопсуздук эрежелерин милдеттүү түрдө сактоо талап кылат.Өрткө каршы жабдуулар менен иштөөгө жогорку класстардын окутулган балдары гана укуктуу болот.Бул үчүн уюмдарда жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн атайын кошуундары түзүлүп,анда өрткө каршы техникалык жабдуулар менен практикалык сабактар өткөрүлөт.

3.Билим берүү уюмунун имаратында жана аймагында төмөндөгүлөргө тыюу салынат.

- Имарат-жайларды ,эвакуациялык жолдорду жана чыга турган жерлерди кайра пландаштырууга тыюу салынат,анын натыйжасында өрттөн сактануунун автоматтык системаларынын(автоматтык өрт кабарлагычы,кабарлоо системасы)аракеттенүү зонасы тарыйт.
- Кайра пландаштыруунун натыйжасында автоматтык өрт кабарлагычынын аракеттенүү зонасын азайтууга жогоруда аталган автоматтык жабдуулардын жана системалардын аракеттенүү зонасынан чыгарылган имарат- жайлардын көлөмдөрүн кошумча түрдө жекече өрт кабарлагычтары менен жабдыганда гана жол берилет.
- Эшиктерди жана чыга турган жерлерди эмерек,жабдуулар жана башка нерселер менен тозуп салууга тыюу салынат.
- Белгиленген тартипте бекитилген ченемдерге жана эрежелерде атайын айтылгандан башка учурларда,терезеге туюк торлорду орнотууга тыюу салынат.
- Кабаттардын баскычтуу тилкелерине жана коридорлоруна (чулан)салууга,ошондой эле баскыч аянттарыны алдына буюмдарды,эмерек жана башка күйүүчү материалдардысактоого тыюу салынат.Биринчи кабаттагы тепкичтин алдындагы тилкелерге борбордук жылытууну башкарууну башкаруу түйүндөрү үчүн,суу ченөөчү түйүндөр үчүң жана электр шиттери үчүң күйбөгөн материалдан жасалган жайды жасоого жол берилет.

4.Эвакуациялык жолдор жана чыга турган жерлер

4.1Эавкуациялык жолдорду жана чыга турган жерлерди пайдаланууда өрт коопсуздугу боюча долбоордук чечимдер жана ченемдик документтердин талаптарын сактоо камсыз кылынууга тийиш(анын ичинде,эвакуациялык жолдордун жана чыга турган жерлердин жарык кылынышы,саны ,пландаштырылган көлөмдүү өлчөмү боюнча,ошондой эле эвакуация жолдорунда өрт коопсуздугу эрежелеринин болушу).

4.2.Эвакуация жолдорундагы эшиктер эркин жана имараттан чыккан багыт боюнча ачылууга тийиш.
4.3.Төмөндөгүлөргө тыюу салынат.

- Эвакуациялык жолдрду жана чыга турган жерлерди(анын ичинде,өтө турган жерлерди,коридорлорду,тамбурларды,галерeяларды,лифт холдорун,тепкич аянтчаларын,тепкич тилкелерин,эшиктердиэвакуациялык люктарды)ар бир материалдар,буюмдар ,жабдуулар ,өндүрүштүк калдыктар,акыр-чикир жана башка нерселер менен тозуп салууга,ошондой эле эвакуациялык жолдордун эшиктерин мык менен кагып салууга тыюу салынат.

- Билим берүү уюмунун имарат-жайларында жана аймагында тамеки тартууга тыюу салынат.
- Уюмдун аймагында от жагууга, акыр- чикирди күйгүзүүгө тыюу салынат.
- Кир жаюуга,имараттын чатырына кампа ,архив ж.б.салууга тыюу салынат.
- Тейлөө персоналына жана башка адамдарга билим берүү уюмунун имаратында жашоого тыюу салынат.
- Уюмдун имаратында тез күйө турган,күйүүчү суюктуктарды жана башка материалдарды сактоого тыюу салынат.
- Тармакка кошулган электр приборлорун кароосуз калтырууга тыюу салынат.
- Электр сактагычы катары колго жасалган калибрлештирилген сактагычтарды колдонууга тыюу салынат.
- Имарат-жайда адамдар болгон учурда ,уюмдун имаратында от жагып,электр менен ширетүү жана башка өрт коркунучу бар иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат.

4.4.Имарат –жайга технологиялык ,көргөзмөлүк жана башка жабдууларды орнотууда долбоорлоонун ченемдерине ылайык тепкич тилкелерине жана эвакуациянын башка жолдору боюнча карай кеткен эвакуациялык өтө турган жерлер камсыз кылууга тийиш.

## 5. Жылытуу,желдетүү жана абаны кондициялоо

5.1.Окуу жылынын башталардын алдында билим берүү уюмунда желдетүү системасы жана абаны кондициялоо жана ашкана очоктору дыкааттык менен текшерилрип чыгууга жана оңдолууга тийиш,ал эми тейлөөчү персонал өрттөө каршы нускамадан өтүүчү тийиш.

5.2.Жылтуу,желдетүү жана абаны кондициялоо системасындагы бузук түзүлүштөрдү,ошондой эле бузук ашкана очокторун пайдаланууга жол берилбейт.

5.3.Желдетүүчү каналдарды мештердин жана газ приборлорунун күлүн чыгаруу үчүн пайдаланууга жол берилбейт.

5.4.Желдетүүчү камераларда жабдууларды жана материалдарды сактоого тыюу салынат.

5.4.Желдетүү жана абаны кондициялоосистемаларын пайдаланууда :

- Отту кармап калуучу түзүлүштөрдү өчүрүп салууга;
- Абада жана зонттордо топтолуп калган майлардычаңды жана башка күйүүчү заттарды күйгүзүүгө;
- Тартып алма каналдарды ,жылчыктарды жана торчолорду жаап салууга тыюу салынат.

5.6.Абаны соруп алып жаткан жерде күйүүчү газдардын жана буулардын, түтүндүн,учкундун жана күйгөн оттун пайда болуу мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылууга тийиш.

## 6.Өрт коопсуздугунун талаптары

6.1.Электр жабжууларын ,ошондой эле электртехникалык буюмдарды монтаждоону жана пайдаланууну өрт коопсуздугу боюнча ченемдик документтердин талаптарына ,анын ичинде электр жабдууларын орнотуунун эрежелерине(ЭЖОЭ),Керектөөчүлөрдүнэлектр жабдууларын техникалык пайдалануу эрежелерине(КЭЖП),Керектөөчүлөрдүн электр

жабдууларын пайдалануудагы техникалык коопсуздуктун эрежелерине (ТКЭ)ылайык жүзөгө ашыруу зарыл.

6.2.Иш убактысы аяктагандан кийин күзөтчү персонал калбаган имарат- жайлардагы электр жабдуулары жана тиричилик электрприборлору өчүрүлүп коюлууга тийиш.Күзөттү жарык ,өрт кабарлагычы жана өрттөн сактоо кабарлагычы гана оурүлбөөгө тийиш.Эгерде бул алардын функциялык арналышы менен шартталса жана пайдалануу боюнча нускаманын талаптарынла каралса.башка электр жабдуулары жана электр буюмдары өчүрүлбөшү мүмкүн.

6.3.Билим берүү уюмунун өрткө каршы системасы жана жабдуулары (өрткө автоматика каражаттары,өрт жөнүндө адамдарга кабарлоо системалары ) ар дайым оң жумушчу абалында болууга тийиш.

Эшиктерди өзү жаба турган түзүлүш оң абаалда болууга тийиш.Өрткө каршы же түтүнгө каршы эшиктердин кадимкидей ачылышына тоскоол кыла турган кандайдыр-бир жалгашмаларды орнотууга жол берилбейт.

6.4.Иштеп жаткан электр жабдууларын пайдаланууда:

- Электр энергиясын керектөөчүнү даярдаган ишкананын нускамаларынын талаптарына ылайык келбеген шарттарда же бузук абалда пайдаланууга тыюу салынат,алар нускамага ылайык өрт чыгарууга алып келиши мүмкүн ,ошондой эле сактоочу изоляциялык касиеттерин жоготкон элкетр зымдарын жана кабелдерин ченемдик талаптарга ылайык пайдаланууга тыюу салынат.
- Зыянга учураган розеткаларды ,рубильниктерди,башка оң эмес абалда болгон электр приболорун пайдаланууга тыюу салынат.
- Электр чырактарын жана жарык бергичтерди кагаз,кездеме же башка күйүүчү материалдар менен ороого, ошондой эле жарык бергичтерди анын конструкциясында каралган жапкычтарын(нур чачкычтарын)алып салуу менен пайдаланууга тыюу салынат.
- Стандарттуу эмес(колго жасалган)электр жылытылуучу приборлорду колдонууга,ашык колдонудан жана кыска туташуудан сактай турган эрип кетме калибрлештирилбеген туташтырмаларды же башка колго жасалган аппараттарды пайдаланууга тыюу салынат.
- Электр щиттеринин жанына күйүүчү(анын ичинде ,тез от ала турган) аттарды жайгаштыруу(жыйып коюуга) тыюу салынат.

6.5.Билим берүү уюмдарынын имараттарынын жана курулуштарынын электр тармактарын пайдаланууда кеминде үч жылда бир жолку мезгилде күч берүүчү жана жарык кылуучу жабдуулардын ток өтүүчү бөлүктөрүнүн изоляциясынын каршылыгын ченөө жүргүзүлөт,ченөөнүн натыйжалары тиешелүү актыга ( протоколго жазылат).

## 7.Өрт кабарлагычынын жабдууларын жана өрт жөнүндө адамдарга кабарлоо системасын камсыз кылуу,күтүү.

7.1."Эмгекти коргоо жөнүндө"Кыргыз Республикасынын 1.08.2003-ж.№167 Мыйзамынын 16-статьясына ."өрт коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 17.06.1996-ж.№22 Мыйзамынын негизинде билим берүү уюмдарындагы өрттөн сактоо системаларын финансылоонун ,сактоочу-өрт кабарлагычын монтаждоонун бардык

маселелери  тигил же бул мектеп карамагындагы болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу  органдарына жүктөлөт.Өрт кабарлагычын жана өрт системасын орнотуу ,өрт датчиктерин ,өрт өчүргүчтөрдү сатып алуу да аткаруу бийлигинин органдарына таандык кылынат.

7.2.Билим берүү органдарында өрт  кабарлагычынын автоматтык жабдууларын  адамдарга өрт жөнүндө кабарлоо системасын техникалык  тейлөө жана пландык –алдын  алуучу оңдоо (ӨПЖ) боюнча реглпменттештирилген иштер  атайын  окутулган  тейлөө персоналы же лицензиясы бар адистешкен уюм тарабынан келишим боюнча аткарылат.

7.3.Өрт автоматиасынын  жабдуулары оң абалда жана ар дайым  даяр  абалда болууга, долбоордук  документтерге ылайык келүүгө тийиш.

7.4.Өрт жөнүндө адамдарга кабарлай турган системалар кабарлоо сигналдарын бир эле мезгилде билим берүү уюмунун бардык имарат- жайларын  берүүлү камсыз кылууга тийиш.

7.5.Түтүн датчигин  тандап алуу, жабдууларды орнотуу жана монтаждоо мүмкүнчүлүктөрү адистер тарабынан гана жүргүзүлөт.Мындан  тышкары ,адистер зарыл жабдууну тандап алууда квалификациялуу консультация берүүгө  жана жардам көрсөтүүгө тийиш.

8.Өрт өчүрүүнүн  баштапкы каражаттарын күтүү

8.1.Билим берүү уюмунун имараты өрт өчүрүүнүн  баштапкы каражаттары  менен камсыз болууга тийиш.

8.2.Өрт өчүрүүнүн алгачкы каражаттары алардын паспорттук маалымдамаларына  ылайык сакталууга тийиш.

8.3.Билим берүү уюмунун кызматкерлери өрт өчүрүүнүн  баштап каражаттарын (өрт өчүргүчтөрдү) пайдалануунун эрежелерин  билүүгө милдеттүү.

8.4.Чыңалуу алдында турган электр жабдууларын өчүрүү көмүр кычкыл өрт өчургүчтөр менен гана өчүрүлүүгө гана тийиш.

8.5. Өрт өчүргүчтөр күндүн тикелей нурунан,жылуу агымдардан,механикалык таасирлерден жана башка жагымсыз факторлордон (вибрация,агрессивдүү чөйрө,жогорку нымдуулук ж.б.сакталгандай болуп жайгаштырылууга тийиш,өрт өчүргүчтөр жакшы көрүнүп турууга жана өрт учурунда жеңил алынууга тийиш.

8.6. Өрт өчүргүчтөр атайын кронштейндерге бекитилүүгө тийиш,мында аларды аракетке келтирүүнүн тартибин көрсөткөн негизги жазуулар жана пиктограммалар  жакшы көрүнүп турууга жана сырт жагын же ага келүүнүн кыйла мүмкүнчүлүктү жагын карап туруш керек.

- Өрт өчүргүчтөр имарат-жайдын полунун деңгээлинен1.5 бийиктикте жйгаштырылууга тийиш
- Өрт өчүргүчтөр температурасы аларда көрсөтүлгөн температуралык диапозондон ашып кеткен жерлерде жайгаштырылбашы керек.

- Порошокту же көмүр кычкыл өрт өчүргүчтөрдү кайра заряддоонун мөөнөтү 5 жылда 1 жолу келет,мындан тышкары өрт өчүргүч жылына 1 жолу таразага тартуу менен сыноодон өткөрүлөт,бул тууралуу өрт өчүргүчтүн паспортуна тиешелүү жазуу жазылат.

8.7. Төмөндөгүлөргө тыюу салынат:

- Тулкусунда так түшкөн ,көөп чыккан же жарака кеткен өрт өчүргүчтү пайдаланууга тыюу салынат.
- Өрт өчүргүчтү ургулоого тыюу салынат.
- Өрт өчүргүч жайгашкан жерге жакын жерде ачык от жагууга же башка от булактарын күйгүзүүгө тыюу салынат.

9.Өрт учурундагы аракеттердин тартиби

9.1.Билим берүү уюмунун ар бир кызматкери өрттү же анын белгилерин (түтүндү,күйүктүн жытын,температуранын жогоруланышын ж.б.) байкап калганда:

- Токтоосуз түрдө 101 телефону боюнча Бишкек шаарынын өрттөн сактоо кызматына кабарлоого милдеттүү (мында объектинин дарегин өрт келип чыккан жерди,ошондой эле өзүнүн аты-жөнүн билдириши зарыл).
- Мүмкүн болушунча адамдарды эвакуциялоо,өрттү өчүрүү жана материалдык баалуулуктарды сактап калуу боюнча чаралрады көрүү зарыл.

9.2.ӨРТ чыккан жерге келген билим берүү уюмунун жетекчиси жана кызмат адамдары, билим берүү уюмунун имаратында же имарат- жайында өрт коопсуздугун камсыз кылууга жооптуу адам:

- Өрттүн чыгышы жөнүндө билдирүүнү өрттөн сактоо кызматына кайталоого жанаи жогору турган жетекчиликке билдирүүгө милдеттүү.
- Адамдын өмүрүнө коркунуч келген учурда .токтоосуз түрдө аларды сактап калууну уюштурууга ,бул үчүн колдо болгон күчтөрдү жана каражаттарды пайдаланууга милдеттүү.
- Зарыл учурда электр энергиясын өурүүгө (өрттөн сактоо системаларынан башкаларын) жана өрттүн күчөп кетишин жана имараттын имарат-жайларынын түтүнгө толуп кетишин болтурбай коюуга көөрт өчүргүч көмөк көрсөтө турган башка иш-чараларды аткарууга милдеттүү.
- Имараттагы өрттү токтотуу иш-чараларына байланыштуу иштерден башка бардык иштерди токтотууга милдеттүү.
- Өрттү өчүрүүгө катышпаган бардык кызматкерлерди коркунучтуу зонаны чегинен тышкары чыгарууга милдеттүү.
- Өрттөн сактоо бөлүгү келгенге чейин өрттү өчүрүү боюнча жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырууга милдеттүү.
- Өрттү өчүрүүгө катышып жаткан кызматкерлердин коопсуздук талаптарын сакташына камсыз кылууга милдеттүү.
- Өрттү өчүрүү менен бир эле мезгилде адамдарды эвакуациялоону жана материалдык баалуулуктарды сактап калууну уюштурууга милдеттүү.

9.3.Өрттөн сактоо бөлүгү келээри менен билим берүү уюмунун жетекчиси( аны алмаштырган адам) өрт өчүрүүлөрдүн жетекчисине объектинин конструкциялык жана технологиялык өзгөчөлүктөрү ,жанаша жайгашкан курулуштар ,курулмалар

жана өрттө ийгиликтүү өчүрүү үчүн зарыл болгон башка маалымдамаларды билдирет ,ошондой эле өрттү өчүрүүгө жана анын күчөп кетишин болтурбай коюуга байланыштуу зарыл иш- чараларды жүзөгө ашырууга карата объектинин күчтөрүн жана каражаттарын) уюштурууга милдеттүү.

Изоляциянын каршылыгын ченөө.

Эл аралык стандарттын (ГОСТ235992-96,ГОСТ12.2.00.7.0-75)негизинде электр ченөөлөрү имарат-жайдын багытына жараша ар бир үч жылда жүргүзүлөт.

Электр ченөөлөрүнүн 2 түрү бар:

1.Кабыл алып –өткөрүү ченеми: белгиленген кубаттуулук өзгөргөнгө ,электр менен камсыз кылуу схемасы өзгөргөндө ,автономиялуу булактан алууну уюштурууда ,электр жабдуусун пайдаланууга берүүдө капиталдык оңдоодо же менчик ээси алмашканда жүргүзүлөт.Ал кыйла толук изилдөөнү талап кылат.

2.Мезгилдүү ченөөлөр: турак жай ,админиштрациялык имараттарда колдонулуп жаткан бардык электр жабдууларында жүргүзүлөт жана төмөндөгү протоколдорду камтып турат

- Электр жабдуусун сыртынан карап чыгуу протоколу.
- Жерге туташтыруучу жабдуу менен жерге туташтырылган жабдуунун ортосунда байланыштын бар экендигин текшерүү
- “Фаза-нол” сыйрытмагынын протоколу.
- Электр жабдуусун жерге туташтыруу контурунун протоколу.
- Ченөө жана протоколдор “Северэлектро”ААКсынын адистери тарабынан жүргүзүлөт.

Электрик жабдууларынын изоляцинын текшерүүнү жана сыноолордун ченемдери.ГОСТ,ЭЖОЭ(электр жабдууларынын эрежелери) жана башка диретивалуу материалдар менен аныкталат.

Изоляциянын каршылыгы дээрлик баардык учурларда мегомметр-прибор менен ченелет,ал чыңалуу булагынан –туруктуу токтун генеаторунан турат,кобүнчө кол менен иштелет,магнитоэлетрлик логометрден жана кошумча каршылыктардан турат,изоляциянын каршылыгынын мааниси көпчүлүк даражада температурага жараша болот.

Атайын нускамаларда айтылгандан башка учурларда ,изоляциянын каршылыгын изоляциянын каршылыгы +5 градустан төмөн эмес болгондо ченөө керек.кыйла төмөн температуранын тушунда нымдуулуктун абалынын туруксуз абалынан улам ченөөнун натыйжалары изоляциянын чыныгы мүнөздөмөсүн чагылдырылбайт.

Туруктуу токтун айрым жабдууларында (аккумулятордук батареяларда,туруктуу токтун генераторлорунда ж.б.)ички каршылыгы жогору болгон (30000-50000 Ом)вольтменттин жардамы менен контролдоого болот.Мында үч чыңалуу уюмдардын ортосунда (U)жана ар бир уюл менен жердин ортосундагы чыңалуу ченелет.

Өрт коопсуздугунун камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын болжолдуу планы

| Иш-чаралар | Мөөнөттөрү | Жооптуулары |
|---|---|---|
| Локалдуу ченемдик актыларда белгиленген өрт коопсуздугунун талаптарына билим берүү уюмунун кызматкерлерине жеткирүү | Август | Директор |
| Локалдуу ченемдик актылардын болушу жана аларды аткаруу | Август | Директор,директордун буйругун менен дайындалган эмгекти коргоо боюнча жооптуу адам |
| Администрациянын жана эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук | Сентябрь,декабрь,апрель | Директор эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча |

| | | |
|---|---|---|
| боюнча комиссиянын биргелешкен отуруму | | комиссия |
| Уюмдун кызматкерлери менен өрткө каршы нускама өткөрүү | Август.декабрь,май | Директордун буйругу менен дайындалган эмгекти коргоо үчүн жооптуу адам |
| Өрт кабарлагычын текшерүү | Сентябрь,декарь,март | Директордун чарба боюнча орун басары |
| Өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарын текшерүү | Жарым жылдыктар боюнча | Директордун чарба боюнча орун басары |
| Жарактуулук мөөнөтү өткөн өрт өчүргүчтөрү кайра заряддоо | Март | Директордун чарба боюнча орун басары |
| Окуучулар менен өрт коопсуздугунун эрежелери үйрөнүү боюнча сабактар | Октябрь | Директор,диретордун окуу -тарбия иштери боюнча орун басары,класс жетекчилер |
| Өрт коопсуздугу боюнча УГПСтын кызматкерлери менен биргелешип уюштурууга ачык сабактар | Март | Директордун-окуу тарбия иштери боюнча орун басра,класс жетекчилер |
| Өрт учурунда эвакуациялоо боюнча машыгуулар | Сентябрь,январь,май | Директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары ,класс жетекчилер |